**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-1 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлиндеги пилоттук режимде административдик аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүргүзүүнүн алкагында Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин “Кыргызмамжердолбоор” мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып, жана талкуулап Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев айыл амагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.
2. Т. Зулпуев айылдык кеңешинин төрагасына жана Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн башчысына Схемалык картага кол коюу тапшырылсын.
3. Бул токтомдун көчүрмөсү Ноокат райондук жергиликтүү мамлекеттик администрациясына жөнөтүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Төрага** **М. Бакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК<br>ОКРУГУНУН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>Т. ЗУЛПУЕВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО ОКРУГА |
|---|---|---|

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-2 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Т. Зулпуев айылдык кеңешин кайра каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178-токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев айылдык кеңеши мекемеси "Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши" мекемесине фирмалык аталышы өзгөргөндүгүнө байланыштуу мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн.
2. **Юридикалык жактын толук аталышы.**

Мамлекеттик тилде: **" Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши"мекемеси.**
Расмий тилде: **Учреждение "айылного кеңеша Т. Зулпуевского айылного аймака".**
Кыскартылган аталышы:
Мамлекеттик тилде: **"Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши"м-и.**
Расмий тилде: **У-е "айылного кенеша Т. Зулпуевского айылного аймака".**

3. "Т. Зулпуев айылдык кеңеши" мекемесинин уставы бекитилсин.

4."Т. Зулпуев айылдык кеңеши" мекемесинин аткаруучу органы –төрагасы болуп Бакиров Мирбек Шарабидинович дайындалсын.

5."Т. Зулпуев айылдык кеңешинин" юридикалык дареги (жайгашкан жери) : Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ноокат району, Т. Зулпуев айыл аймагы, Атамерек айылы, Рысбаев Козубай ажы көчөсү №50.

6."Т. Зулпуев айылдык кеңешинин" юридикалык жак мамлекеттик каттоодон Ош юстиция башкармалыгынан өткөрүлсүн жана каттоодон өткөзүү жагы, айылдык кеңешинин төрагасы Бакиров Мирбек Шарабидиновичке жүктөлсүн.

7. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн. Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-3 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Ош облусунун Ноокат районун Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкөмөтүн мамлекеттик каттоо жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178-токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Токтомат Зулпуев атындагы айыл өкмөтү мекемеси "Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесине фирмалык аталышы өзгөргөндүгүнө байланыштуу мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүлсүн.

**2. Юридикалык жактын толук аталышы.**

Мамлекеттик тилде: **" Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемеси.**
Расмий тилде: **Учреждение "айыл окмоту Т. Зулпуевского айылного аймака".**
Кыскартылган аталышы:
Мамлекеттик тилде: **"Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү"м-и.**
Расмий тилде: **У-е "айыл окмот Т. Зулпуевского айылного аймака".**

3. "Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн уставы бекитилсин.

4."Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн" аткаруучу органы –башчысы болуп Тажибаев Данияр Абдимаматович дайындалсын.

5."Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн" юридикалык дареги (жайгашкан жери) : Кыргыз Республикасы, Ош облусу, Ноокат району, Т. Зулпуев айыл аймагы, Атамерек айылы, Рысбаев Козубай ажы көчөсү №50.

6."Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн" юридикалык жак мамлекеттик каттоодон Ош юстиция башкармалыгынан өткөрүлсүн жана каттоодон өткөзүү жагы, айыл өкмөтүнүн башчысы Тажибаев Данияр Абдиматовичке жүктөлсүн.

7. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн. Токтомдо көрсөтүлгөн мааалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**<br>**ОКРУГУНУН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО ОКРУГА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-4 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын аймагындагы "Кызыл Бостон" СПАнын менчигиндеги ички ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

«Мүлккө муниципиалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2- жана 19-беренелерине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 07.02.2024ж №52 токтомунун 6-пуктун жетекчиликке алып, Кызыл Бостон суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчикке акысыз берүү жөнүндө чечими тууралуу Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевдин сунушун угуп жана талкуулап Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Кызыл Бостон» суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун ирригациялык объектилерди жана мүлктөрдү муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө өтүнүчү канааттандырылсын.
2. «Кызыл Бостон» суу пайдалануучулар ассоциациясынын ирригациялык курулмаларынын жалпы бөлүгү жана мүлктөрү муниципалдык менчикке кабыл алынсын.
3. Т. Зулпуев атынндагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаев, Кызыл Бостон суу пайдалануучулары ассоциациясы менен биргеликте ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн кабыл алуу-өткөрүп берүү актын түзсүн.
4. Ирригациялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчик реестрине камтысын.
5. Ушул токтом айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 19-апрель № 31-4 токтому Ош облустук юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кенешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **М. Бакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК<br>ОКРУГУНУН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>Т. ЗУЛПУЕВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО ОКРУГА |
|---|---|---|

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-5 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл аймагынын аймагындагы "Жийде - Арык" СПАнын менчигиндеги ички ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн муниципалдык менчикке кабыл алуу жөнүндө**

«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2- жана 19-беренелерине, «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 07.02.2024ж №52 токтомунун 6-пунктун жетекчиликке алып, Жийде - Арык суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы жыйынынын ирригациялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчикке акысыз берүү жөнүндө чечими тууралуу Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевдин сунушун угуп жана талкуулап Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. «Жийде-Арык» суу пайдалануучулар ассоциациясынын мүчөлөрүнүн жалпы чогулушунун ирригациялык объектилерди жана мүлктөрдү муниципалдык менчикке өткөрүү жөнүндө өтүнүчү канааттандырылсын.
2. «Жийде-Арык» суу пайдалануучулар ассоциациясынын ирригациялык курулмаларынын жалпы бөлүгү жана мүлктөрү муниципалдык менчикке кабыл алынсын.
3. Т. Зулпуев атынндагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаев, Жийде - Арык суу пайдалануучулары ассоциациясы менен биргеликте ирригациялык курулмалардын жалпы бөлүгүн жана мүлктөрүн кабыл алуу-өткөрүп берүү актын түзсүн.
4. Ирригациялык курулмаларды жана мүлктөрдү муниципалдык менчик реестрине камтысын.
5. Ушул токтом айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 19-апрель № 31-5 токтому Ош облустук юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кенешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **М. Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК<br>ОКРУГУНУН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОНяч<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>Т. ЗУЛПУЕВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО ОКРУГА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-6 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

## Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартибин бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 27 жана 34-беренелерине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №52 токтомунун 6-пунктуна ылайык, Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн башчысынын дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылууга байланыштуу чаралар боюнча сунушун угуп, Т. Зулпуев айылдык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин башкаруу тартиби (мындан ары – Тартип) дыйкандарды сугат суу менен камсыз кылуу маселелерин 1-тиркемеге ылайык киргизүү менен бекитилсин.
2. Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаев Тартиптин бекитилген функцияларын аткаруу, кызматтарды уюштуруу жана милдеттенмелерди аткаруу бөлүгүнүн ишке ашырылуусун камсыз кылсын.
3. Т. Зулпуев кеңешинин 2024-жылдын 19-апрелиндеги №31-6 токтомун Ош облустук юстиция башкармалыгында каттоодон өткөрүлсүн.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кенешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын

**Төрага** **М. Бакиров**

**БЕКИТЕМ**
**Т. Зулпуев айылдык кеңешинин**
**төрагасы_________ М. Бакиров**
**2024-жылдын 19-апрель**
**№31-6 токтомуна 1-тиркеме**

**Жергиликтүү маанидеги «тиешелүү аймакты экономикалык өнүктүрүүнү камсыз кылуу, ошондой эле инвестицияларды жана гранттарды тартуу» маселесин чечүүнүн алкагында дыйкандардын сугат сууга жетишин камсыз кылуу боюнча кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин ТИЗМЕГИ**

| № | Кызматтардын, функциялардын, милдеттенмелердин аталышы | Аткаруу үчүн жооптуу жак |
|---|---|---|
| | **1.Кызматтар** | |
| 1.1. | Сугатсуусунсуупайдалануучуларгажеткирүү | Суупайдалануучулар ассоциациясы (келишим боюнча) |
| | **2.Функциялар** | |
| 2.1. | Айыл өкмөтүнүн башчысынын бассейндик кеңештин ишине катышуусу | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.2. | Муниципалдык менчиктердин реестринде ирригациялык курулмаларды эсепкеалууну жүргүзүү | Айыл өкмөтүнүн финансылык-Экономикалык бөлүмү |
| 2.3. | Кызматкөрсөтүүчүлөр менен ирригациялык курулмаларды колдонуу боюнча келишимтүзүү, кол коюу жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.4. | Суупайдалануу, эксплуатациялоо жанаирригациялык системаныкамсыз кылуу эрежелерин иштеп чыгуу жана бекитүү | Айылөкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 2.5. | Суу чарбасынын райондук башкармалыгы менен сугат суусун жеткирүү келишимин түзүү жана аткарылышын көзөмөлдөө | Айыл өкмөтүнүн башчысы |
| 2.6. | Сууколдонуу, эксплуатациялоо жанаирригациялык системаны камсызкылуу эрежелерин бузганы үчүн суу пайдалануучулардан административдик жоопкерчилик маселелери боюнча административдик комиссиянын ишин уюштуруу | Айыл өкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |
| 2.7. | Ирригациялык кызматтардын төлөмүнүн (ИКТ) наркын эсептөө жана бекитүү | Айылөкмөтү<br>Жергиликтүү кеңеш |

| | | |
|---|---|---|
| 2.8. | Айылдын аймагында ирригацияны өнүктүрүү боюнча инвестициялык программаны иштеп чыгуу жана бекитүү | Айылөкмөтү<br><br>Жергиликтүүкеңеш |
| **3.Милдеттенмелер** | | |
| 3.1. | Ирригациялык курулмаларды кызматкөрсөтүүчүлөргө муниципалдык мүлктүн объекттери катары колдонууга берүү | Айылөкмөтү |
| 3.2. | Ирригациялык курулмаларды камсызкылууга амортизациялык чегерүүлөрдү толук же жарымжартылай компенсациялоо | Айылөкмөтү |
| 3.3. | Суупайдалануучулардын айрым категорияларына субсидияларды бөлүп берүү | Айылөкмөтү<br><br>Жергиликтүүкеңеш |
| 3.4. | Субсидия аркылуу кызматкөрсөтүүчүлөрдүн чыгымдарын компенсациялоо | Айыл өкмөтү |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ
Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК
ОКРУГУНУН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Т. ЗУЛПУЕВСКОГО
АЙЫЛНОГО ОКРУГА

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-7 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнө караштуу Кыркол жайытындагы №644-контурундагы жайыт жеринен 10 (он) сотых жер аянтын кой чөмүлтүүчү (купка) курууга ажыратып берүү жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кыркол жайытындагы №644-контурундагы жайыт жеринен 10 (он) сотых жер аянтын кой чөмүлтүүчү (купка) курууга ажыратып берүү жөнүндөгү сураныч катын кезектеги сессияда карап, талкуулап Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн Кыркол жайытындагы №644-контурундагы жайыт жеринен 10 (он) сотых жер аянтын кой чөмүлтүүчү (купка) курууга ажыратып берүүгө макулдук берилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчиликке алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар бирикмесинини төрагасы А. Араповго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин Жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын курамына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**<br>**ОКРУГУНУН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО ОКРУГА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

**№ 31-8 ТОКТОМУ**

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмотүнө караштуу соц. обьектилерге 2024-жыл үчүн керектелүүчү электр энергиясынын лимитин бекитип берүү жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өмөтүнө караштуу айыл аймагындагы жалпы соц. обьектилерге 2024-жылга карата электр энергиясына болгон лимитин бекитип берүү максатында Т. Зулпуев айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өмөтүнө караштуу айыл аймагындагы жалпы соц. обьектилерге 2024-жылга карата электр энергиясынын лимитин бекитип берүүгө макулдук берилсин. (№2-тиркеме)
2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөт башчысы Д. Тажибаевге жана ФЭБ башчы А. Аблакимовго милдеттендирилсин.
3. Ушул токтомду Т. Зулпуев айылдык кеңешинин “Экономика, бюджет , энергетика, ишмердүүлүк жана кайра иштетүү боюнча комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**Т.Зулпуев айыл өкмөтүнө караштуу Соц.объектилерге 2024-жыл үчүн керектелүүчү электр энергиясынын лимити жөнүндө маалымат**

| № | Обьектинин аталышы | Квт/саат | Суммасы (мин сом) | 1-квартал | | 2-квартал | | 3-кввквартал | | 4-квартал | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Квт/с | сумма | Квт/с | сумма | Квт/с | сумма | Квт/с | сумма |
| 1 | Аппарат | 74,7 | 254 | 33,7 | 114,6 | 17,3 | 58,8 | 5,2 | 17,7 | 18,5 | 62,9 |
| 2 | Жарыктандыруу | 58,4 | 198,6 | 21,5 | 54,4 | 14,6 | 36,9 | 6 | 15,2 | 16,3 | 41,2 |
| 3 | Клуб | 28,3 | 96,2 | 13,7 | 34,7 | 6,8 | 17,2 | 2,3 | 5,8 | 5,5 | 13,9 |
| 4 | Атишов о.м | 56,7 | 192,8 | 23,2 | 58,7 | 10,3 | 26,1 | 5,2 | 13,2 | 18,0 | 45,5 |
| 5 | Ысмайыл о.м | 74,7 | 254,0 | 27,4 | 69,3 | 20,2 | 51,1 | 4,8 | 12,1 | 22,3 | 56,4 |
| 6 | Баргы о.м | 59,6 | 202,6 | 23,2 | 58,7 | 14,2 | 35,9 | 7,2 | 18,2 | 15,0 | 38,0 |
| 7 | М.Нурматов о.м | 64,6 | 219,6 | 26,2 | 66,3 | 15,2 | 38,5 | 7,2 | 18,2 | 16,0 | 40,5 |
| 8 | Айбек о.м | 62,8 | 213,5 | 23,2 | 58,7 | 16,4 | 41,5 | 7,2 | 18,2 | 16,0 | 40,5 |
| 9 | Абдиев о.м | 50,0 | 170,0 | 20,2 | 51,1 | 12,6 | 31,9 | 5,2 | 13,2 | 12,0 | 30,4 |
| 10 | Калдай о.м. | 69,7 | 237,0 | 27,5 | 69,6 | 13,6 | 34,4 | 5,1 | 12,9 | 23,5 | 59,5 |
| 11 | Уч-Бай о.м | 66,6 | 226,4 | 23,2 | 58,7 | 20,2 | 51,1 | 7,2 | 18,2 | 16,0 | 40,5 |
| 12 | Дил-Мурок б.б | 31,8 | 108,1 | 13,5 | 34,2 | 6,5 | 16,4 | 2,8 | 7,1 | 9,0 | 22,8 |
| 13 | Бал-Кыял б.б | 33,0 | 112,2 | 13,5 | 34,2 | 6,7 | 17,0 | 2,8 | 7,1 | 10,0 | 25,3 |
| 14 | Умут-Нуру б.б | 32,2 | 109,5 | 13,8 | 34,9 | 5,7 | 14,4 | 2,7 | 6,8 | 10,0 | 25,3 |
| 15 | Наристе Акмарал | 36,6 | 124,4 | 13,6 | 34,4 | 8,7 | 22,0 | 2,7 | 6,8 | 11,6 | 29,3 |
| 16 | Айбек Нуру б.б | 40,8 | 138,7 | 13,7 | 34,7 | 9,6 | 24,3 | 3,8 | 9,6 | 13,7 | 34,7 |
| | **Баары** | **840,5** | **2857,7** | **331,1** | **867,0** | **198,6** | **517,5** | **77,4** | **200,3** | **233,4** | **606,6** |

**ФЭБ башчы:** **Аблакимов А.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛДЫК**
**ОКРУГУНУН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО ОКРУГА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги отуз биринчи сессиясынын**

# № 31-9 ТОКТОМУ

**19-апрель 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**“Т.Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши” мекемесинин Жергиликтүү жамаатынын Уставын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренесинин талаптарына ылайык Ош облусунун Ноокат районунун Т.Зулпуев айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын элдик жыйындарында жергиликтүү жамааттын Уставынын долбоорун талкуулап жергиликтүү жамааттан, депутаттардан түшкөн сын-пикир сунуштарын эске алып, тиешелүү туруктуу комиссиянын корутундусуна жана КР “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесинин 2-бөлүгүнүн 8- пунктуна негиз айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. “Т.Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү” мекемесинин жергиликтүү жамаатынын Уставы бекитилсин (тиркелет).
2. Жогорудагы токтом жана жергиликтүү жамааттын Уставы КР Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча агенттиктин www gamsumo .gov.kg веб сайтына жарыялансын.
3. Жогорудагы токтом жана жергиликтүү жамааттын уставы КР ченемдик укуктук актылар мамлекетик реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысына милдеттендирилсин.
4. Токтом расмий жарыялангандан кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын**

## № 32-1 ТОКТОМУ

**31-май 2024-жыл** **Атамерек айылы**

### Айыл аймагындагы Айыл чарба департаментине өткөрүлүп берилген айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыктын базалык өлчөмүн бекитип берүү тууралуу

Айыл өкмөтүнүн айыл аймагындагы айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыкгын базалык өлчөмүн бекитип берүү тууралуу сунушун угуп жана талкуулап, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин 2022-жылдын 19-сентябрындагы № 329-НИ буйругунун жана Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 - мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2-пунктунун 4-пунктчасына ылайык Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемеси

## ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Т. Зулпуев айыл аймагындагы Айыл чарба департаментине өткөрүлүп берилген айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерине ижара салыктын базалык өлчөмүнүн коэфициенти К 10 дон 30 га чейинки өлчөмүндө белгиленсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын, документтерин даярдоо айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**НООКАТ РАЙОНУ**
**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
**МЕКЕМЕСИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКАТСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын**

**№ 32-2 ТОКТОМУ**

**31-май 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл аймагынын Жатан айылына шайлоо участок ачуу жөнүндө**

Т. Зулпуев айыл аймагынын Жатан айылына кожолуктун саны – 309, калктын саны – 4790 болуп бирок бүгүнкү күнгө чейин шайлоо участкасы жок болгондугуна байланыштуу Т. Зулпуев айыл өкмөт башчысынын сунушун кезексиз сессияда карап чыгып Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемеси

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев айыл аймагынын Жатан айылына шайлоо участок ачууга макулдук берилсин жана комиссия курамы бекитилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын даярдоо жагы Т. Зулпуев айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Т. Зулпуев айылдык кеңешинин жер, жерге жайгаштыруу, транспорт, курулуш өнөр-жай, экология маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>НООКАТ РАЙОНУ<br>Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br>МЕКЕМЕСИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>НООКАТСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>Т. ЗУЛПУЕВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын**

**№ 32-3 ТОКТОМУ**

**31-май 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кыркол Таза суу” муниципалдык ишканасынын жайыт, таза суу, тазалык боюнча тарифтерин бекитип берүү жөнүндө**

2023-жылдын 29-декабрь Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №735 токтому жана убактылуу жобосунун негизинде Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кыркол Таза суу” муниципалдык ишканасынын жайыт, таза суу, тазалык боюнча тарифтерин бекитип берүү жөнүндөгү 2024-жыл 27-майындагы чыгыш №01-19/850 сандуу катын кезексиз сессияда карап, талкуулап Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемеси

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кыркол Таза суу” муниципалдык ишканасынын ичүүчү таза сууга айына 240 (эки жүз кырк) сом үйдүн ичинен колдонгондор үчүн, 160 (бир жүз алтымыш)сом көчөдөн колдонгондорго жана таштандыларды алып чыгуу үчүн айына 100 (жүз)сомдон ал эми жайыт пайдалануучулар бирикмесинин кой чөмүлтүүчү купканын иштөөсү кой мончосунун суусуна кошулуучу даарысына (киралин, неоцедол) 15 (он беш)сом, бюджетке 15 (он беш)сом, кой чөмүлткөн жаранга 10 (он)сом жалпы 40 (кырк)сом козуларга 20 (жыйырма)сомдон тарифи бекитилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчиликке алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**НООКАТ РАЙОНУ**<br>**Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br>**МЕКЕМЕСИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**НООКАТСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**Т. ЗУЛПУЕВСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын**

**№ 32-4 ТОКТОМУ**

**31-май 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кызыл - Бостон” суу пайдалануучулар ассосациясынын тарифин бекитип берүү жөнүндө**

Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кызыл - Бостон”СПАсынын 30-май 2024-жылдагы №415 чыгыш сандуу катын кезексиз сессияда карап талкуулап Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемеси

**ТОКТОМ КЫЛАТ**

1. Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн “Кызыл - Бостон” СПАсынын сотигине жараша 25 (жыйырма беш)сомдон, 15 (он беш)сом жергиликт жарандардан, 10 (он)сому өкмөттүн бюджетинен субсидия кылып төлөнүп берилсин.
2. Ушул токтомду аткарууга жана жетекчиликке алууну Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Тажибаевге милдеттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **М. Бакиров**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
НООКАТ РАЙОНУ
Т.ЗУЛПУЕВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
НООКАТСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
Т. ЗУЛПУЕВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Ош облусунун Ноокат районунун Т. Зулпуев айыл аймагынын айылдык кеңеши мекемесинин жетинчи чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын**

**№ 32-5 ТОКТОМУ**

**31-май 2024-жыл** **Атамерек айылы**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын беш айлык жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2024-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жана 2025-2026-2027- жылдарга бюджеттин долбоорун бекитүү жөнүндө**

Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын беш айлык жергиликтүү бюджетин аткарылышы, 2024-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү жана 2025-2026-2027 жылдарга бюджетин долбоорун бекитүү жөнүндөгү маселени Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 78-бренесинин негизинде иштелип чыгылган Долбоор, тиешелүү мекеме-ишканалардын жетекчилеринин катышуусунда Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин “Экономика, бюджет, соода жана ишкердүүлүк” боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралган. Ушул каралып чыккан бюджетти Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 102-беренесинин 3 пунктун жетекчиликке алып, Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2024-жылдын беш айлык бюджетинин кирешелери план 13210,1 мин сом болсо, аткарылганы 16158,5 мин сом же болбосо 4796,1 мин сомго киреше ашыкча тушкөн, башкача айтканда 142,0% га аткарылгандыгы жана 2024-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү менен киреше планына 33750,9 мин сомго күтүлүүсү белгиленсин (тиркеме тиркелет № 1,2).
2. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетин кошумча трансферттер кошулбаганда, 2025-жылга 33151,4 мин сом, 2026-жылга 33291,3 мин сом, 2027-жылга 33291,3 мин сомго, негизги көрсөткүчтөрүнүн долбоору жактырылсын жана аларды конкреттүү ошол жылдары бюджетке тактоо жана толуктоолорду жүргүзүү менен белгиленсин.
3. Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү менен ата-энелер тарабынан төлөнүүчү төлөмдөрдөн түшө турган кошумча акча каражатынын эсебинен, бюджеттин атайын эсебинен киреше

жана чыгаша планына 1069,1миң сом акча каражаты күтүлүүсү белгиленсин (тиркеме тиркелет №3)

4. Ушул токтомдун аткарылышы көзөмөлдүк кылуу жагы Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин "Экономика, бюджет, энергетика, ишмердүүлүк, кайра иштетүү боюнча" туруктуу комиссиясы тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**Төрага:** **М. Бакиров**

**Т.Зулпуев атындагы айылдык кеңешинин 7-чакырылышынын кезексиз отуз экинчи сессиясынын №32-5 токтомуна № 1 тиркеме**

**Т.Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн 2025-жылга айылдык бюджетинин долбоору**

**(мин сом)**

| | |
|---|---|
| Салык агенти төлөгөн киреше салыгы | 33151,4 |
| Патенттин негизинде салык | 1824,0 |
| Ишкердик иши үчүн пайдаланылбаган кыймылсыз мүлккө салык | 340,0 |
| Юридикалык жактардын транспорттук каражаттарына салык | 74,7 |
| Жеке жактардын транспорттук каражаттарына салык | 1726,0 |
| Тамарка короо жайлардан жана дачалык жер участкаларын пайдалангандыгы үчүн жер салыгы | 551,1 |
| Айыл чарба багытындагы жер салыгы | 0 |
| Айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы | 1225,6 |
| Роялти | 100,0 |
| Кен байлыктарды казуу үчүн лицензия кармоо үчүн акы төлөө | 350,0 |
| Калктуу пункттардагы жерлерден алынуучу ижара акы | 72,0 |
| Жайыт ижарасы үчүн акы | 644,0 |
| Кайра бөлүштүрүү фондунун ижара акысы | 290,0 |
| Таштанды төлөмү | 397,0 |
| Мамлекеттик алымдар | |
| Атайын каражаттар | 3302,3 |
| Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 100,0 |
| Активдер жана милдеттемелер | |
| Тендөөчү грант | 8108,0 |
| **Кирешелердин жыйынтыгы** | **37668,6** |
